УДК 398.9

Дунканаев А.Т.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# МАКАЛ ЖАНА ТАБЫШМАКТАРДАГЫ ТИЛДИК АЙРЫМ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР

Адам баласынын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчү катары макал жана табышмактар социалдык-тарыхый өнүгүштү, табият кубулушунун, жашоо турмушунун закончөнемдүүлүктөрүн өз ичине камтуу менен, аларды эки башка өңүттөн чагылдырып турат. Ушундан улам, макал менен табышмактын спецификалык бөтөнчөлүгүнө байланыштуу алардагы каймана ой эки башка багыттагы татаалдашкан логикалык ой жүгүртүүнү талап кылат.

Макал жөнөкөй, же кошмо сүйлөм түзүлүшүндө уюшулуп, андан-ары уланып-узартылбай, ошол турпатында калыптанып калган кыска тексттик көлөмгө ээ экендигине карабай, андагы музмун ары масштабдуу, ары ар тараптуу келет. Адам акылы нелерди гана жаратып, нелерди гана чыгарбады. Бир белгиден миң белгини көрө билип, аларды айырмалай ажырымдап, кыялдагы нерселерди чындыкка чыгарып, жашоо-турмушуна ыңгайлаштырып колдоно да, омоктуу ойлорго айлантып чыгармачылыкта айта  да билишкен. Андан таалим-тарбия алуу, турмуш тажрыйбасында пайдалануу максатында бир-бирине байланышкан чулу ойлор чууруп чыгат. Ошон үчүн масштабы кең, ар тараптуу. Өз кезегинде, ал ойлордун маңызы сыгылып, бир сүйлөмдүк мазмунга чөгөрүлүп, бир бүтүндүккө бириктирилип,макал жаратылган. Макал-турмуштук бай тажрыйбалардын жыйынтыктарынан белгилүү бир ойду жалпылаштырып, анын маңызын туюндурган чулу кеп, адамдардын зирек кабылдоосуна, терең ой жүгүртүүсүнө, күчтүү тыянак чыгаруусуна байланыштуу келип чыккан даяр кеп. Демек, мындай «кепти» терең аңдап, салмагын баалап түшүнө билиш үчүн да, жогоруда белгиленгендей, татаалдашкан логикалык ой жүгүртүү талап кылынары чындык. Минткенибиздин жөнү бар. Анткени көпчүлүк учурларда бул макалдын мааниси  мындай деп негизинен туура түшүнгөнүбүз менен, анын түпкү маани-маңызына, философиясына анча баам сала бербейбиз. Мисалы, «<u>Эл эмгегин жер жебейт</u>»,- деген төрт сөздөн турган жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндөгү макалда – <u>жер менен эмгек кылган адамдын акыбети кайтаары, жерден баар табаары</u>, <u>жерди канчалык деңгээлде иштетсең, ошончолук баада жооп болоору</u> <u>эмгектин пайдалуулугу жана зарылдыгы</u> жөнүндөгү асыл ойлордун камтылгандыгын дароо туюнабыз, б.а., бул маанини эч кандай логикалык терең ой жүгүртүүсүз эле, сүйлөмдүн жалпы мазмунунан ачык байкоого болот. Ушул түзүлүштүк  турушу менен өрнөк болуучу акыл кеп катары өзүнөн-өзү бааланып, үлгү формада калыптанып, макалдык мазмунду жаратты: <u>Эл эмгегин жер жебейт</u>. Ошондой болсо да, макал мазмунундагы ойдун негизи жерге байланыштуу айтылгандыктан, <u>анын ички табияттык мүнөзү, адамзат жашоосу менен жердин органикалык ажырагыс байланыштуулугу, жерди керектөө үчүн материалдык бардык байлыктардын камтылышы жана адамдын өмүр кечиришинде алардын зарылдык катары пайдаланылышы эмгек менен аныкталарын</u> макал маанисинен анча элес этибар ала бербейбиз. Дегеле, жер жер болуп жаралганы адамзат үчүн гана эмес, жан-жаныбарлардын жашоосунун, бүтүндөй табият дүйнөсүнүн азыктануусунун булагы экенин кантип тануууга болот. Кыргыздын чыгаан адабиятчы-сынчысы К.Даутов айтылуу акын Барпынын жер жөнүндөгү санатын талдап жатып, акындын өз сөзү менен: «Тирүүлүктүн зыйнаты тийип турган Күн болсо, анын системасына кирип «Аалам курулушун толукташкан күчтөрдүн эң маанилүү, эң керектүүлөрүнүн бири», «Аалам менен бир жашап, Аалам менен бир өткөн»

Адамдан баштап, бардык жаныбарлар, макулуктар менен бүтүндөй өсүмдүктөрдүн керектөөсүнө жарап, өмүр күнүн өткөрүшүп берип, бутун коюп басса көтөрчү, тирөөчү, жатса суукта жылуу, ысыкта салкын жагымдуу жайы, өлсө койнуна катып алчу орду, жейм десе жемишин оозуна тутуп, алам десе асыл байлыктарын ачып сунуп, чукулап эгин эгип, нан таап ал деп мээрим төгүп турган баарынан жакыны,» Абуройун ченегис, абалтан Жер энебиз экен,» - деп Жердин улуулугуна баа берген ойду акырындап чубап чыгып, андан ары тереңдетип, философиялуу мазмунда талдоо жүргүзүшү(Даутов К. 2003., 148-154) бекеринен эместир. Жердин улуулугун Барпынын ырынан көрө билген К. Даутовдун ачылыштары кыргыздын макалдарында да айтылып жаткан жокпу: Эл байлыгынан жер байлыгы артык; Жери байдын эли бай; Кара жерди жамандаба, башка кайда барасың; Өлөң төшөк, өз үйүң- киндик каның тамган жер; Семиз жер – мейиз жер; Туулган жердин топурагы – алтын; Чөбү жок деп, жерден түңүлбө; Эл – эне, Жер – ата ж.б. сыяктуу текст тутумундагы сөздөрдүн семантикалык маани жылыштарына баам таштап, абай салып карасак, ар бир макалдан жердин ар тараптуу асыл касиеттери ачылып чыгары анык.

Мисалга алынган макалдагы, «Жер жебейт» деген туюнтманын түпкүрүндө, эң башкысы, эмгек кылууга чакыруу урааны бар. Эр эмгегин жер жебейт деп, эмгекти байкатып-байкатпаган купуя даңазалоо бар. Тээ абалтан эле жер – кенч, жер – байлык, жер – казына экендиги тастыкталып келет. Бирок макалда эмгек кылып тер төгүүнүн аркасында гана жер байлыкка, кенчке айланары, күч сарптап, эмгектенүүнүн натыйжасында гана жер казына болуп кайтарылары астейдил эскертилип жатат. Ушуну менен катар, эмгек адамды эрезеге жеткирери, адамды Адам кылган эмгек экендиги, бекер оокаттын жоктугу жана жалкоолук жөнүндө тикеден-тике сөз болбосо дагы кыйытылып жатат. Демек, жогорудагы татаалдашкан логикалык ой жүгүртүүнүн макал мазмунунан талап кылынышы дал ушундай бири-бири менен байланышкан уламалуу маанилерден келип чыгат.

Ал эми эң кызыгы, дал ушундай көп катмарлуу, чокмороктошкон, уламалуу маанилердин бир сүйлөмдүк көлөмгө батырылып беришинде болуп жатат. Муну макалдын семантика-структуралык өзгөчөлүгү катары көрсөтүүгө болот. Табышмактардын спецификасы макалдардан кескин айырмалан-гандыгын, алардын да семантикалык-структурасынын бөтөнчөлүгүнө (табыш-мак+жандырмак) байланыштуу, андагы каймана ойдун туюндурулушуна таптакыр башкача өңүттөн мамиле жасоого туура келет. «Табышмак» деген терминдин өзү эле айтып тургандай, коюлган маселени чечүү проблемасы биринчи планга чыгарылып, аны дароо табуу тапшырмасы коюлуп, жооп күтүлөт. Табышмак суроо мүнөзүндө айтылып, жандырмак айтуучунун акылында атайын жашырылып калтырылат, мунун өзү логикалык ой жүгүртүүнү талап кылары өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Ой жүгүртүү адамдын акыл сезимин өстүрүүгө өзгөчө өбөлгө түзөт. Ошондуктан коомдун өнүгүшүнө байланыштуу кийинки мезгилдерде ар кыл формадагы табышмактардын түрлөрү пайда болууда. Биздин күндөрдө кеңири тараган кроссворддор, сканворддор, чайнворддор, баш катырмалар, ребус, анограммалар түбү эл табышмактарынан өнүп чыккан, алардын өзгөчө бир түрлөрү болуп саналат.

Табышмактардын семантикалык-структурасы жандырмакка байланыштуу аныкталууга тийиш, себеби, табышмак менен жандырмактын ажырагыс бүтүн биримдиги алардын тексттик түзүлүшүн шарттайт. Тексттик түзүлүшү эки бөлүктөн турат да, 1-бөлүгү ачыкка чыгарылган каймана ойго ээ, бирок ачыкка чыгарылганы менен, ошол эле учурда чүмбөттөлүп жаап-жашырылып турат, мындан белгилүү белгисиздик келип чыгат. 2-бөлүгү 1-бөлүктүн реалдуу жүзү, ачыкка чыгарылбаган белгисиздик, ачыкка чыгарууга тийиш болгон белгилүүлүк. Демек, жандырмакта белгисиз белгилүүлүк камтылган. Ошондуктан белгисизди

белгилүү кылып ачыш үчүн, ойлонууга, изденүүгө туура келет. Табышмактардын жандырмагы тек гана окшош көрүнүштөрдү, кубулуштарды, нерселерди түрү, түсү, сапаты, сыпаты, көлөмү, кыймыл-аракети ж.б. белгилери боюнча жакындаштыруу, окшоштуруу, салыштыруу, теңештирүү аркылуу гана ачылбастан, татаалдашкан логикалык ой жүгүртүүнү талап кылат. Бир нерсенин окшош көрүнүштөрүн экинчи бир нерседен таба коюу табышмактардын табиятына туура келбейт. Мисалы:

Колу жок, ойнойт,

буту жок, сойлойт, - табышмагын тек гана окшоштурса, жандырмагы жылан болуп чыгат, анткени, жылан колу-буту жок сойлору белгилүү. Мындай жөн гана окшоштуруп таба коюу ушундай жалган жооптуу жандырмакка алып келиши мүмкүн. Ал эми тереңирээк ой жүгүртүп көрсөк, андагы каймана ой <u>балыкка</u> туура келет. Жандырмактын туурасы <u>балык</u> болуп чыгышына багыт берген табышмактын тутумундагы <u>ойнойт</u> деген баяндооч сөз. <u>Ойнойт</u> сөзүнүн табышмак тутумундагы семантикасында кыймылдын тездиги туюндурулгандыктан, ал маани жыландын кыймылына караганда, балыктын кыймылына көбүрөөк жакындашат. Ошон үчүн, белгилүү даражада ойнойт, сөзүнүн семантикасы жыланга коошо бербейт. Албетте, айрым табышмактардын метафоралык маанисинен жандырмактын жүзү дароо, же кайсы бир даражада ачылып калышы мүмкүн, бирок кыргыз эл табышмактарынын дээрлик көпчүлүгү жандырмагы татаалдашкан табышмактар болуп саналат. Басымдуу табышмактар ушундай бир туңгуюкка такоочу касиети менен өзгөчөлөнүп турат.

Кош кайкыда турагы бар,
каухардан жаккан чырагы бар.
Кереметн ааламга тиет,
аалам ага баш иет.
Кош тынычтуу бир балбан,
кош жагында кош калкан.
Акылдуу киши болот,
ойлоп муну тапкан.

Табышмактын мазмунунда жандуу зат жөнүндө сөз болуп жаткандыктан, кандай гана болбосун, табуучуну аргасыздан жандык тууралуу ойго түртөт. Ошондуктан бул кандай жан болду экен деген суроо пайда болот. Негизинен, көпчүлүк табышмактарда баяндалып, салыштырылып жаткан жандырмактагы нерсе жандуу зат катары сүрөттөлөт да,табуучуну жалган жолго ээрчитет. Мындай табышмактардын жандырмагы, тескерисинче, жансыз заттардан болуп чыга келет. Бул табышмак бир топ ойлонууну талап кылат. Бир катар жөнөкөй сүйлөмдөрдөн уюшулган тең байланыштагы кошмо сүйлөм түзүлүшүндөгү бул табышмактын мазмунунда адамдын башы тууралуу купуя сыр жатат. Жансыз нерселерди жандуудай кылып сүрөттөө ыкмасы табышмактын спецификалык бөтөнчөлүгүн шарттайт.

Макал менен табышмактар структуралык-семантикалык жана интонациялык айтылыш мүнөзү боюнча да белгилүү даражада айырмачылыктарга ээ экендиги байкалат. Объективдүү чындыктагы нерселердин, көрүнүштөрдүн, кубулуштардын, кыймыл процесстеринин чиеленишкен байланыштуулугу, өз ара тыгыз аракетте болгон карым-катыштагы макал менен табышмактын табиятына да түздөн-түз тиешелүү болушу мыйзамченемдүү көрүнүш. Натыйжада алардын мазмуну чындык менен байланышта болот жана ал чагылдырылуучу ойдун маңызы менен аныкталат, б.а., колдонулуш максаттарынын, коомдук функцияларынын бөлөктүгүнө байланыштуу, алардагы ойдун берилиш мүнөздөрү, туюндурулуш жолдору да ар башка болот. Арийне, ал мазмун алардын спецификалык бөтөнчөлүктөрүнө ылайыкташып уюшулары, эки башка

багыттан, эки башка өңүттөн чагылдырылары турулуу иш. Мындай шартта, макал менен табышмактардын структуралык-семантикасында, интонациялык айтылышында өзгөчөлүктөр болбой койбойт.

Макал бардык тараптарга (I, II, III жактарга) бирдей тиешелүү айтылып, накыл, нуска кеп катары колдонулгандыктан, анын мазмунунда тарбиялык мүнөз, өйдө-ылдыйдан келип чыккан эреже, турмуштук туура багыт, андан эленип, иргелип чыккан чындык-бардыгы бир бүтүндүктө уюлгушуп турат. Макалдагы салмактуу ойдун туюндурулушун, анын көп кырдуулугун камтыган структуралык-семантикасы өзгөчөлүү маанилик бүтүндүктү шарттап турат. Семантикалык өзгөчөлөнгөн бүтүндүк чагылдыруучу ойдун спецификасына ылайык, лексикалык, синтаксистик ар түрдүү бирдиктердин маанилик карым-катыштын негизинде келип чыгат. Маанилик байланышта болгон тилдик бирдиктер синтаксистин карамагында белгилүү интонацияга ээ болуп, коммуникативдүүлүктүн тиешелүү милдетин өтөйт. Маселен, Карынын кебин капка сал макалында түз мааниде колдонулган карынын кебин, өтмө, кыйыр мааниде айтылган капка сал тил бирдиктеринин байланышы логикага негизделген да, II жактагы адамга багытталганы менен, синтаксистик-семантикалык мазмуну, логикалык туюндурулушу бардык тараптарга бирдей тиешелүү кызмат аткарат. Ушундан улам, кадыресе сүйлөмдөрдүн структуралык-семантикасынан айырмаланып, өз ичине чулу ойду камтып, накыл, нуска кеп катары калыптанып, ылайыгына жараша, кепте даяр материал болуп пайдаланылат. Коммуникативдүүлүк процессинде аталган макал көптү көрүп көп жашаган адамдын акылын угуу, аны турмушунда пайдалана билүү, кары адамдын кебине кулак сала жүрүү, ага маани берүү, көңүлгө бекем тутуу, жадында сактоо сыяктуу маанилер колдонулуп, көңүл борборунда болот. Мындай болгон соң, «Карынын кебин капка сал» макалы кары адамдын турмуштук тажрыйбаларынан топтолгон ишмердүүлүктөрүн баалай билүүнүн, аларга сый-урмат көрсөтүү сезимдерин кошо жаратып, жашоодогу тажрыйбалардан алынган жыйынтык көзкарашты чагылдыруу, турмушка туура багыт берүү максатын да көздөйт.

Табышмактардын жанрдык өзгөчөлүгү айтуучу менен табуучунун ортосунда болуучу суроо-жооп маанилик катышына негизделген. Натыйжада сүйлөм түзүлүшү ушуга ылайыкташып уюшулат да, алардын структура-семантикасында маселени чечүү максатындагы суроо мааниси коюлуп, жоопту талап кылуу интонациясы кошо камтылат. Табышмактардын айтылыш бөтөнчөлүгүнө ылайык, илептүү жана буйрук сүйлөм түрлөрү жолукпайт. Анткени, табышмак табиятына буйрук, өтүнүч, каалоо, тилек, аёо, чочуу, кубануу, кайгыруу, коркутуу, ачуулануу сыяктуу көтөрүңкү дем менен айтылуучу маанилер мүнөздүү эмес. Ырастоо, кабарлоо, баяндоо, сыпаттоо, түшүндүрүү, айкындоо, тактоо мүнөзүндө айтылгандыктан, аларды жай сүйлөм жана суроолуу сүйлөм түрүндөгү табышмактар деп эки түргө бөлүүгө болот. Табышмак табиятынын структуралык-семантикалык айтылыш мазмуну ушул сүйлөм түрлөрү аркылуу жүзөгө ашырылат. Ошондой болсо да, жай сүйлөм түрүндөгү жандырмактагы нерсенин көрүнүштүк, сыпаттык, салыштыруучулук, кыймыл-аракеттик ж.б. белгилерин жайынча баяндаганы менен, синтаксистик семантикасында, структуралык ички мазмунунда кандайдыр бир жоопту тез бир талап кылып турган суроо турат:

Суу ичүүнү сүйбөгөн,<br>
кууралганды билбеген.

Мында суроо ачык коюлбаса да, анын ички табиятында «Бул эмне?» деген суроо катылып жатат. Сүйлөм түзүлүшүндөгү: суу ичүүнү сүйбөгөн// кууралганды билбеген сөз тизмектери бири-бирине тең катар байланыш-катышта

айтылып, кайсы бир зат тууралуу сөз болуп, аны аныктоо, ачыкка чыгаруу мүнөзүндө колдонулгандыгы анык. Сүйлөм түзүлүшү кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтүүчү атоочтуктар (сүйбөгөн, билбеген) менен жыйынтыкталгандыгына байланыштуу макал мазмунунда аякталып бүтпөгөн интонация бардай сезилет. Суу ичүүнү сүйбөгөн…,

куураганды билбеген… ал эмне? Ушул көзкараштан алып караганда, бул табышмак сүйлөм эмес, сөз тизмеги болуп калат. Бирок аныктоо мүнөзүндө зат катылып жаткандыктан, т.а., ошол нерсени ачыкка чыгаруу максаты көздөлүп жаткандыктан, ал зат биз шарттуу түрдө атаган сөз тизмектери менен кошо ажырагыс биримдикте айтылгандыктан, сүйлөмдүк касиетке ээ болуп чыга келет. Логикалык планда, кыймыл-аракеттин аткаруучу субьектиси ачыкка чыгарылбай жашырылганы менен, ал сүйлөмдүн ички структуралык-семантикасында чогуу камтылып айтылды. Табышмактардын структуралык-семантикалык башкы өзгөчөлүктөрүнүн бири ушуну менен аныкталат.

**Адабияттар**


1. Кыргыз макал, лакаптары. /Түзгөн. Усупбеков Ш. -Ф., 1982.
2. Табышмактар. /Түзгөн. Ибраимов К. -Ф., 1985.
3. Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү. –Бишкек, 2003.